УДК 81:81`36:81,373.43

Анапияева А.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# НЕОЛОГИЗМДЕРДИН МОРФОЛОГИЯЛЫК ЫК МЕНЕН ПАЙДА БОЛУШУ

*Бул макала неологизмдердин морфологиялык ык менен жасалышына арналат. Макалада жаңы сөздөрдүн жасалышында айрым сөз жасоочу өнүмдүү аффикстерге кеңири токтолуп, алар факты-материалдар менен далилденет.*

Морфологиялык амал – сөз жасоонун негизги ыктарынын бири. Ал аркылуу жаңы пайда болгон нерселерди, түшүнүктөрдү туюнтуу үчүн тилде мүмкүнчүлүк түзүлөт да, анын адамдар ортосундагы негизги пикир алмашуу каражаты катары дайыма тынымсыз аракеттенип туруусун камсыз кылат. Ошону менен бирге жаңыны туюнтуу үчүн тилде эзелтен бери жашап келе жаткан сөз жасоо элементтерин (уңгу жана сөз жасоочу аффикстерди) калыптанган закон ченемдүүлүктүн негизинде жаңыча кошуу аркылуу тилдик традиция менен тилде жаңы пайда болгондорду байланыштырышат.

Жаңы сөздөрдү жасоодо бардык сөз жасоочу аффикстер бирдей өнүмдүүлүктө катыша бербейт. Кээ бир аффикстер жаңы сөз жасоого катышуу мүмкүнчүлүгүн такыр жоготуп, өлүү формага айланса, экинчи бирөөлөрүнүн сөз жасоо мүмкүнчүлүгү чектелген. Ал эми сөз жасоочу аффикстердин көпчүлүгү абалтадан берки өзүнүн өнүмдүүлүгүн бекем сактап келе жатат, ал гана эмес айрым аффикстердин сөз жасоо жарамдуулугу кыйла кеңейүүдө. Бул биринчи иретте тилдин грамматикасынын туруктуулугу менен түшүндүрүлөт.

Биздин максат тилдин сөздүк составында жаңы пайда болгон сөздөрдү текшерүү болгондуктан, азыркы адабий тилибиздеги неологизмдерди жасоого катышкан айрым гана өнүмдүү аффикстер жөнүндө гана сөз кылабыз.

Азыркы учурга байланыштуу адамдардын коомдук, экономикалык, мамлекеттик, чарбалык, техникалык иштерге катышуусу түп-тамырынан бери жаңы мазмунга ээ болду. Мына ушул жаңылыктарга байланыштуу кыргыз тилинде адамдардын кесибин көрсөтүүчү эң көп жаңы сөздөр – неологизмдер жасалды. Кесипти көрсөтүүчү жаңы сөздөрдүн жасалышында негизги роль – чы мүчөсүнө таандык. Жалпы түрк тилдеринде, ошонун ичинде кыргыз тилинде –чы мүчөсүнүн негизги функциясы адамдын кесибин көрсөткөн сөздөрдү жасоо болуп эсептелет. Бул мүчө, негизинен, зат атоочтук негизге жана кыймыл атоочторго жалганат да, өзү жалганган затка же кыймыл-аракетке байланыштуу кесипти көрсөтөт. Эне тилибиздин ички ресурсунан **–чы** аффикси жалганып **демөөрчү (спонсор), ижарачы (арендатор), бажыканачы (таможня кызматкери), баяндамачы//баянчы (серепчи), бедизчи (скульптор), билимканачы (билимканада окуган окуучу), буйрутмачы (заказчы, заказчик), лаппайчыларга (өз көз карашы жок, бирөөнүн гана айтканын аткарган адам), мөмөрчү (архитектор), негизчи, укалоочу (массажист), усулчу (методист), үйрөтмөчү (репетитор), үнөмчү (экономист), ыңкылапчы (революционер)** деген сыяктуу кесипти билдирүүчү неологизмдер жасалууда. Мисалы: Эл-журттун көйгөйүнө кайдыгер кала албаган **демөөрчүлөр** да кыргыз арасынан чыгып калабы дейт («ZK», 1995, №29). Чоюн Өмүраалы уулу, **баянчы** («А», 17.09.1992). Андан кийинки агаларым - Малик менен Акбар – искусство адамдары. Бири –

**бедизчи**, бири - сүрөтчү («ОЖ», 31.08.1992). Кимде-кимдин денеси курушкан болсо, Ош шаарынын Навои көчөсүндө жайгашкан облкоопсоюздун поликлиникасынын **укалоочусу** Гуля Исмаиловага кайрылсын («ОЖ», 26.08.1993). Мугалимдердин сабагына көзөмөлдөө максатында катышкан айрым инспекторлор, **усулчу**, директор, завучтар көбүнчө мугалимге сабагында тарбиялык момент болбоду деген доомат коюшат (Б.А.). Башкалардан жардам алышпайт, **үйрөтмөчү (репетитор)** жалдоого мыйзам аркылуу тыюу салынган («КТ», 18.11.1993).

**-лык аффикси жалганып жасалган неологизмдер.**

**-лык,** негизинен, атооч сөздөргө жалганып, зат жана сын атоочторду жасай турган өнүмдүү аффикс болуп эсептелет.

Кыргыз тилинде мурдатан белгилүү болгон төл сөздөргө **-лык** мүчөсү жалгануу менен да бир топ жаңы сөздөр жасалгандыгын көрө алабыз: **ажо-ажолук, айкел-айкелдик, аймак-аймактык, аким-акимдик, акылгөй-акылгөйлүк, амалият-амалияттык, атаандаш-атаандаштык, атуул-атуулдук, аялзаада-аялзаадалык, бажыкана-бажыканалык, демөөрчү-демөөрчүлүк, дубан-дубандык, жамаат-жамааттык, жаран-жарандык, жаратман-жаратмандык, жарнаама-жарнаамалык, ишкердүү-ишкердүүлүк, казиятчы-казиятчылык, китепкөй-китепкөйлүк, күнкор-күнкорлук, күнкорсуз-күнкорсуздук, эгемендүү-эгемендүүлүк ж.б.** М.: **Шериктештик** республикалар бириккиле! («КБ», 1993). **Мыйзамдуулук -** бардык иштин башаты («ЫК», 1994, 1-бет); **Ажолук** орунга ат салышып жаткан алты кандидат тең марага кое берилди («А», 1995, №48); Билим берүүдө мамлекеттик монополия жоюлду, ар кандай менчик формасында **атаандаштык** негизинде билим берүүгө жол коюлду («КБ», 12.01.1993); Көлөмү бир чарчы метрден ашкан килемдерди экспорттоого **бажыканалык** жыйымдар алып чыккан күндө алардын дүкөндөгү бааларынын 50 пайызы өлчөмүндө белгиленет («ОЖ», 11.01.1996); Ош **дубандык** жаратылышты коргоо комитетинде жыйын болуп өттү («ОЖ», 06.02.1993); Демек, анын жашоо жолу, **жаратмандык** иштери жөнүндө калыс сөз айтка□□а мүмкүнчүлүк ачыл□ы («КМ», 23.06.1993).

**-лык** аффикси кыргыз тилине орус тилинен кирген сөздөргө жалганып да бир топ жаңы сөздөрдү жасагандыгын көрөбүз: **анимациялык, бартер-бартердик, бизнес-бизнестик, брокер-брокердик, бронотехника-бронтехникалык, инвестиция-инвестициялык, консулчу-консулчулук, купон-купондук, мамагент-мамагенттик, маркетинг-маркетингдик, менеджмент-менеджменттик, партократ-партократтык, пилот-пилоттук, пропорцианал-пропорционалдык, омбудсмен-омбудсмендикке, рух-рухтук, рынок-рыноктук, сейсмология-сейсмологиялык, стабилдүү-стабилдүүлүккө, тоталитар-тоталитардык, шоумен-шоумендик ж.б.** М: **Анимациялык** долбоордун премьерасы 2011-жылга белгиленген («ZK», 19.09.2008, 7-бет); Азырынча, негизинен, **бартердик** жол менен маалымат алышуу аркылуу иштешүүдөбүз («ЭТ», 26.03.1999); **Бронотехникалык** түшкөн жана көптөгөн катарларга тизилген түрк аскерлери Силоп районунун негизги шоссеси менен өз жайларына кайтууда («ZK», 25.04.2003, 3-бет); **Бизнестик** иш тобокелдикке салууну да, жана абайлоону да талап кылат («КТ», 30.08.1992); **Омбудсмендикке** талапкерликке эч кандай чектөөлөр болбошу керек («ЭТ», 2001, №15).

**-кана** аффикси жалганып жасалган неологизмдер.

Зат атоочтон зат атоочту жасоочу өнүмсүз мүчөлөр да бар. Алардын катарына кыргыз тилинде орунду билгизген аффикске айланган **– кана** мүчөсү кирет. **–кана** аффикси кыргыз эли эгемендүүлүгүн жеңип алгандан кийин колдонулушу жагынан бир кыйла активдүү боло баштагандыгын көрө алабыз. Мисалы: **усулкана, эмкана, дарскана, дарыкана, кумаркана**, **сүрөткана, төрөткана, бажыкана, билимкана, дымкана, кабылкана, күнөскана, мураскана, өнөркана, түлөөкана, ыйманкана ж.б.**

М: **Дарскана** көп улуттуу баштооч топ болгондуктан, грамматикалык темалар ар бир сабакты коштойт («КБ», 13.10.2006). Бүгүнкү күндө Каракол шаарында **дарыканалар** арбын жана алар биздин ден соолугубузга жардам берет («ZK», 11.01.2008). Адистердин айтымында, **кумарканадан** ар бир төртүнчү үй-бүлө жабыр тартууда («ZK», 16.05.2008). 2005-жылы Нанкин провинциясындагы бир **төрөтканада** 90 ирет эгиз балдар төрөлгөн («ZK», 17.02.2006). Менин оюмча, жүк **бажыкананын** кээ бир кызматкерлеринин күнөөсү менен республиканын чегинен чыгып кеткен («КР», 3.06.1992). Азыр **күнөсканада** 6 киши эмгектенип, пияз, сабиз, чеснок, капуста, лимон жана флорида, козу карын өстүрүүдө («Аа», 1991). **Сүрөтканада** сүрөткө түштүк («КТ», 19.09.1992**).**

**-ым аффикси жалганып жасалган неологизмдер.**

Этиштерден кыймыл-аракетке байланыштуу ар кандай маанидеги зат атооч сөздөрдү жасоочу –ым аффикси жалгануу менен азыркы учурда төмөнкүдөй жаңы сөздөр жасалууда: **жаратым, жатырым, жортум, кайтарым, кертим, курам, ойкорум, отурум, өнүм, сызым, тутум, ыйгарым, ымала келишим** ж.б.

М: Мечиттер бир гана кудайга сыйынуучу жай эмес, ошондой эл көркөм өнөрдүн **жаратымы** катары өтө чоң баага эгедер («МГ», 24.11.1992). Түркиянын Москвадагы элчиси Волкан Урал Германиядагы түрк бизнесмендерин Орто Азиядагы түрк республикаларына **жатырым (инвестиция)** жасоого чакырды («А», 02.07.1992). ... демек, адабияттын жанданып, андан ары өнүгүп кетишине ар дайым эле алып келбейт тура. Кептин мындан аркы **жортуму** ушу жөнүндө («КМ», 27.07.1992). Эки тарап тең кызматташуу пайдалуу болорун белгилешип, мунун үзүрү жакынкы жылдарда эле он эселеп **кайтарым** апкелерин айтышты («ZK», 1995).

**-ыш аффикси жалганып жасалган неологизмдер.**

Этиштин кош мамилесинин көрсөткүчү –ыш аффикси кыргыз тилинде жалаң гана мамилелик мааниде колдонулбастан, сөз жасоочу мүчө катарында да колдонулат. Ал аркылуу зат атооч, сын атооч жана этиштин функционалдык формасы – кыймыл атооч жасалат.

Бул аффикс бүгүнкү күндө да жаңы сөздөрдү жасоодо катышып жаткандыгын төмөндөгү келтирилген мисалдан көрөбүз.

**Басыл** деген этиш сөзгө **–ыш** аффикси жалгануу менен, **басылыш** деген (белгилүү бир мезгилдин чегинде басмадан чыгып туруучу басылмалар, гезит, журналдар) жаңы зат атооч жасалган. Рябоконь борбордук **басылыштардын** гезитчилери, генералдын жан жөкөрлөрү болуп калган Ю.Разгуляевге, Б.Прохоровго, В.Юрловго КГБнын документтеринен учураткан («КТ», 04.12.1991).

**Алгала** деген этиш сөзгө **–ыш** аффикси жалганып, **алгалаш** деген жаңы зат атооч сөз жасалган. Дүйнөлүк **алгалаштан (прогресстен)** кыйла артта калган

көчмөн элге социализмдин бергени башкалардан, албетте, көбүрөөк болду десек, чындык болоор («КТ», 05.06.1991).

**-поз аффикси жалганып жасалган неологизмдер.**

Негиз аркылуу туюндурулган нерсени иштөөгө жөндөмдүү адамды билгизүүчү мүчөлөр да бар. Алардын катарына **–поз** аффиксин киргизүүгө болот. Мисалы: **кыл калем** деген зат атоочко **–поз** мүчөсүн жалгоо аркылуу **кыл калемпоз** (сүрөтчү, художник) деген зат атооч пайда болду. Ошондой эле **түрк** деген зат атооч сөзгө **–поз** мүчөсү жалгап, **түркпоз (түрколог)** деген жаңы маанидеги сөзгө айланды. Ал эми **чыгыш** деген абстрактуу маанидеги зат атоочко -**поз** аффиксин жалгоо менен чыгышпоз (чыгыш таануучу) деген жаңы маанидеги зат атоочко айланды. Бул саамкы көргөзмөгө жыйырмадан ашык жаш **кыл калемпоздор** катышкан («КМ», 26.09.1985). Автор өз макаласын венгриялык белгилүү **түркпоз,** насилии кыпчак Коңур Мандоки экөөбүздүн ... маегибизге ... каршы багыттаптыр («КМ», 14.03.1991). ... өзүбүздү **чыгышпоз,** түрколог жана башка бизге керек адистер көмөктөрүн берүүгө ниеттенишүүдө («БШ», 20.09.1991).

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз тилинин неологизмдеринин жасалышында морфологиялык жол негизги ыктарынын бири болуп эсептелет. Биз бул макалада айрым гана өнүмдүү аффикстерге токтолдук. Бул аффикстерден сырткары да бир нече өнүмдүү аффикстер бар. Аларга өз кезегинде кеңири токтолмокчубуз.

**Адабияттар:**

1. Мамытов Ж. Кыргыз тилиндеги неологизмдер, Лексика-семантикалык жана грамматикалык жолдор менен жасалышы.– Фрунзе: Мектеп, 1966.
2. Лопатин В.В. Рождение слова. - М., 1973.
3. Жалилов. Кыргыз тилиндеги жаңы сөздөрдүн сөздүгү. - Ош, 1998.
4. Новые слова и словари новых слов. - Л., 1988.
5. Давлетов С., Кудайбергенов С. Азыркы кыргыз тили (морфология). - Ф., 1980.
6. Кыргыз адабий тилинин грамматикасы. - Ф., 1980.